ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетиндеги (МИТФ) автоматташтырылган системалар жана санариптештирилген технологиялар (АССТ) кафедрасынын профессордук-окутуучу курамы менен магистратура болумунун ИВТ программасы багыты боюнча жумуш беруучулор менен жолугушуу, маектешуу жана пикир алышуу учун онлайн турунде уюштуруу жана жыйынтьжтарын НББПларда пайдалануу ишинин

ПРОТОКОЛУ

ош ш., ОшМУ Том тиркемесин пайдалануу менен онлайн жолугушуу

19.12.2020

КатышканДар: ф.-м.и.к., доцент Молдояров Уларбек Дуйшебекович, ф-м.и.к., доцент Чамашев Марат кахарович, ф-м.и.к., доцент Беделова Нургул Салибаевна, улук окутуучулар Саданов Абдибек Дуйшебаевич, Ажибекова Айзада Токтогуловна, окутуучу Ойчуева Роза Рахманбердиевна, улук лаборантгар Суйунбек уулу Аюкол, Полотов Айдар, Сайдакматова Альмаида жана ”Информатика жана эсептее техникасы” программасынын жетекчиси т.и.к., доцент Атырова Рахат Сулаймановна,

Жумуш беруучулор

1. Темиров Чубак Куванович — Кыргыз Республикасыны жогорку технологиялар паркынын директору
2. Кыштообаев Ороз - 'Кадастр“ мамлекеттик мекемесинин Ош филиалынын маалыматтык технологиялар болумунун башчысы
3. Ураимов Равшан ЦИТО директору
4. Эркулова Суйумкан — ЧП ”Эркулова” жетекчиси
5. Турсуналиев Толкун - Финансы директору ОсОО ”Мегаполис” группа
6. Валижонов Данияр ООО «Перевозчик» Москва Full stack разработчик
7. Махматаип уулу Имарбай - Компьютердик борбор ”Матрих” — Техникалык белумдун системалык администратору

АСС Т кафедрасынын профессордук-окутуучу курамы жана ”Информатика жана эсептее техникасы” программасынын жетекчиси Атырова Рахат Сулаймановна.

## Кун тартиби

1. Жумуш беруучулердун талаптарына ылайьж келген жогорку билимдуу, кесипкей кадрларды даярдоо (ЖОЖдун миссиясы, максаттары, окуу системасы, студентгердин практика еткеруусу, енугуу жолдору ж.б);

Кецешменин журушу

Кафедра башчысынын ф.-м.и.к., доцент УД. Молдояров иш берүүчүлер менен кенен таанышып, учурдагы кырдаалды түшүндүрүү менен кеңешменин журушунде төмөндөгүлөрдү сүйлөдү:

- Саламатсыздарбы урматтуу коноктор, кесиптештер. Бул уюштурулуп жаткан иш-чаранын негизги максаты — ИВТ программасы багыты боюнча магистрантгарды даярдоодогу негизги билим берүү программасын (НББП) жакшыртуу максатында, окуу программаларын (элективдүү курстар, практикаларды) талкуулоо о.э. иш берүүчүлөрдүн суроо — талаптарын жана сунуштарын угуп, сиздер менен болгон байланышты чыңдоо менен НББП экспертгик курамын түзүү болуп саналат.

Конференциянын журушунде окуу пландары жана башка иш кагаздар менен толук тааныштырып, коноктордун сунушуна сөз берилди

Жумуш берүүчү ООО «Перевозчик» Москва Full stack разработчик Валижонов Данияр: Менин сунушум бакалавр системасында студент 4 жыл ичинде кайсы программалоо тилинде иштешин тандап бүтөт, ал эми магистратура бөлүмүндө программа жазуунун жалпы эрежелери, башкача айтканда программаны кантип эффективдүү жазуунун жолдорун окутуп үйрөтүүгө басым жасоо керек деп ойлойм. Ал эми экинчи сунушум көптөгөн заманбап программаларды түзүүдө интернет сервер зарыл болгондуктан жана интернет серверлердин көпчүлүгү Linux системасында иштегендиктен, ушул системаны тереңдетип окутууну айтат элем. Мындан сырткары команда менен иштөөнүн жолдорун окутуп үйрөтүү зарыл.

Жумуш берүүчү КыштообаевОрозаалы: Менин сунушум жогоруда Данияр туура багытты айтып өттү, эми ошол багытгагы программаларды окутууда окуу планындагы вариативтик бөлүктөргө жана элективтүү курстарга мүмкүн болушунча көп кредит берүү керек экендигин айтат элем.

Жумуш берүүчү Кыргыз Республикасыны экогорку технологиялар паркынын директору Темиров Чубак Куванович: Web тиркемелерди иштеп чыгууга ориентирленген заманбап программалоо тилдерин окутууга басым жасоо керек деп ойлойм, себеби учурдагы PHP, front-end жана back-end каражаттары эскирип колдонуудан чыгып бара жатат.

Кеңешменин журушунде магистратура бөлүмүнүн ИВТ программасы багыты боюнча программа жетекчиси да маалымат берип, НББПларын жакшыртуу боюнча экспертгик топко мүчөлөрдү бекитишти.

Иш берүүчүлөрдүн көптөгөн сунуштары жана ой-пикирлери протоколдоштурулгандан сырткары видеожазуу жана сүрөткө алуу менен коштолду.

Эгер мындан да кебүреек маалымат алганды каалаcаңыздар ОшМУ нун www.Oshsu.kg сайтынан көрсөңүздөр болот

Күн тартибине коюлган маселени талкуулашып төмөндөгүдөй ЧЕЧИМ кабыл алынды:

1. Жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык келген жогорку билимдүү, кесипкөй кадрларды даярдоо боюнча өткөрүлгөн талкуу канаатгандырарлык деп кабыл алынсын.

2. Жумуш беруучулордун сунуштары кафедранын кецешмесинде кароо жана окуу планын езгертууде ошондой эле элективтик курстардын базасын тузууде эске алуу

сунушталсын.

Кафедра башчысы ф.-м.и.к., доцент УД. Молдояров

Катчы: Р.Р.Ойчуева